**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

720300, Кызыл-Кыя шаары, Масалиев көч., 60
тел. 5-01-00

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

720300, г. Кызыл-Кыя, ул. Масалиева, 60
факс 5-08-26

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023 – жылдын 13 – январы №19/59**

**Кызыл-Кыя шаарынын М.Горький көчөсүнүн асфальтын капиталдык оңдоо үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 3-бөлүгүнө негиз, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 токтому менен бекитилген Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен "Долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө" жобону жана "Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу" Жобонун талабына ылайык, 2022-жылдын 18-февралындагы шаардык кеңештин сессиясынын №8/23 токтомуна, шаардык кенештин Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 11-январындагы №39 протоколуна негиз, Кызыл-Кыя шаарынын мэринин 2022-жылдын 02-декабрындагы № 01-8/112 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаарынын М.Горький көчөсүнүн асфальтын капиталдык оңдоо үчүн жергиликтүү бюджеттин өздүк салымын кошуу максатында

**ТОКТОМ кыламын:**

1. Кызыл-Кыя финансы башкармалыгынын башчысы И.Жолдошовго Кызыл-Кыя шаарынын 2023-жылга шаардык жергиликтүү бюджетинин 704 " Экономикалык бөлүкчөсүнүн" 3111 "Актив" статьясына Кызыл-Кыя шаарынын М.Горький көчөсүнүн асфальтын капиталдык оңдоо үчүн Дем берүүчү (үлүштүк) грантка жазылган долбоорго жергиликтүү бюджеттин үлүшү катары 1647900,00 (бир миллион алты жүз кырк жети миң тогуз жүз) сом акча каражатын Кызыл-Кыя шаарынын мэриясы аркылуу бөлүп берүү жагы милдеттендирилсин.
2. Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын башкы бухгалтери (Ч. Матаева) Дем берүүчү (үлүштүк) грантка бөлүнгөн акча каражатын максаттуу пайдалануу жана акча каражатын пайдалануу боюнча бухгалтердик отчетун камсыз кылуу жагы милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин Бюджет, финансы, экономика жана инвестицияны тартуу маселелери боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Калматов**